КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-жылдын 02-октябрь **№52** Барскоон айылы

Барскоон айылдык кеңешинин токтомун жокко чыгаруу

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 39-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамынын 10-беренесине ылайык, Жети-Өгүз райондук прокуратурасынын 2026-жылдын 30-сентябрындагы А26/114-0700100 каршылык билдирүүсүнүн негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын 2022-жылдын 12-декабрындагы "Айыл өкмөтүнүн муниципалдык эски мончону күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө" № 69 токтому жокко чыгарылсын.
2. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
3. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына (Л.Элебесов) тапшырылсын.

Төрага **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска